Кыргыз Республикасы
Чуй облусу, Ысык-Ата району
«Иса Байбеков атындагы
жалпы билим берүү орто
мектеби» мекемеси
Кыргызская Республика
Чуйская обл., Ысык-Атинский р-н.
Учреждение «Средняя
общеобразовательная школа
имени Исы Байбекова»
ИНН 03012200910084
№ 592
« 20 » 06 2019 ж.

# Иса Байбеков атындагы Ак-Сай толук эмес орто мектебинин

# 2018-2019-окуу жылына карата откорулгон тарбиялык иш чарага

## Талдоо

Окуу жылынын башталышында бир да бала мектептин сыртында калбоосу учун балдардын август учету жургузулду. Белгиленген тартипте бардык мугалимдер микроучастоктор боюнча ар бир мектеп жашындагы балдарды эсепке алышты. Окуучуларды тизмеге алып, такталды.

Райондук август конференциясына Исаева А., Бейшенкулова В.А., Тайтаева М.Б. жана жаш кадр Орозбеков А.К. болуп катышышты. Бардык предметтер боюнча мугалимдер семинарларга катышып келишти.

Эгемендуулук кунуно карата жогорку класстардын окуучулары класс жетекчилери менен бирдикте майрамды откорууго даярдык иштерди жургузушту. Негизги жоопкерчилик 9-класстын окуучуларына жуктолду. Линейканы коркомдоп жасалгалоону уюштурушту. Анда Мекен жонундо обондуу ырларды аткарышты, музыка мугалими Алыбаева Базаркул музыкалык аспабы менен коштоду.

1-сентябрь куну мектепте салтанаттуу линейка болуп отту. Линейканы 9-класс класс жетекчиси Байбекова Жылдыз уюштурду. Класс абдан жакшы даярдашканын корсотушту. Чынгыз Айтматовдун 90 жылдык маарекесине карата «Биринчи мугалим» повестинен узунду коюшту.Линейка абдан корктуу жабдылган. Туркун шарлар. желекчелер, стенддер, суроттор илинген. Линейкада Исаева А.Б. куттуктоо созун айтты. Салтанатка ата-энелер жалпы мугалимдер жамааты, айыл окмотунон Рысалиева Света катышышты. 1-класстын класс жетекчиси Кыдырова Нурия окуучулары менен чакан программасын корсотту. Окуучулар ырларын так айтышты, обондуу ырларын аткарышты, бий бийлеп чыгышты. Ата-энелер абдан ыраазы болушту. Линейкадан кийин бардык класс жетекчилер биринчи тарбиялык сааттарын отушту, «Биз тоо арасында жана ороондуу тоолордо жашайбыз. Биздин Ата-Журтубуз – Ала-Тоо…» деген темада 1-8-класстар, «Мекенимдин тагдыры» аталышында 9-класс тарбиялык сааттарын отушту.

Мамлекеттик тилдин мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 29 жылдыгына карата тарбиялык иш чаранын планы тузулду. 21-сентябрь куну Мамлекеттик тилдин бир айлыгы салтанаттуу линейка менен ачылды. Ачылыш аземин мектептин кыргыз тили мугалими Тайтаева Майрам Большевиковна уюштурду.

Линейка коркутуу, эстетикалуу жабдылды. Тил майрамына карата куттуктоо созу менен мектептин жетекчиси Исаева А.Б.линейканын катышуучуларына кайрылды. Кыргыз тилинин гимнин окуучулар ырдашты. Тил жонундо корком окууларды айтышты, макал-лакап, табышмак, жанылмач айтышты. Чынгыз Айтматовдун чыгармаларынан узунду окушту. Майрам Большевиковна тилдин тарыхы, мааниси жонундо кенири

тушунук берди. Дубал газета чыгарылып, чечмеленди. Кыргыз бийин бийлешти. «Манас» эпосунан узунду айтышты.

28-сентябрь куну Сын-Таш айыл окмотундогу мектептер арасында «Сармерден» оюну отту. Анда биздин мектеп оз онорун корсотту. Макал-лакап, жанылмач айтышты. Музыка мугалими Алыбаева Базаркул эже улуттук аспаптардын бири болгон ооз комуз менен Токтосун Тыныбековдун «Селкинчек» куусун аткарды. Бардык мугалимдер активдуу катышышты.

1-октябрь – Карылар кунуно карата «Кадырман карыларым» темасында бардык класстарда тарбиялык сааттар отулду. Мектеп ичинде линейка болуп отту. Мектеп парламенти тарабынан дубал гезит чыгарылды. «Менин чон атам», «Менин чон апам», «Карылар уйу керекпи?» деген темада дилбаян жазышты.

Октябрь айында мектепте «Мектеп рэкети. Мектепте зордук-зомбулукту токтотуу мумкунбу?» деген темасында ата-энелер чогулушу откорулду. Бул чогулушка ата-энелердин 50дон ашыгы катышышты. Алар мектептеги окуу-тарбия иштери менен таанышышты. Мугалимдер ар бири оз койгойлору жонундо ата-энелер менен талкуу жургузушту. Окуучулардын журуш-турушун козомолго алуусу зарыл экендиги айтылды. Анткени биздин коомдо ар кандай коркунучтуу корунуштор болууда. Газетага чыккан маалыматтар айтылып, талкууланды. Мектептин чарбачылык иштерине жардам берууулору макулдашылды. Мектеп менен келишим тузулду.

Майыптар кунуно карата мектеп ичинде ар бир класста класстык сааттар откорулду. Майып балдарга аяр мамиле жасоого уйроткон сабактар отулду. Жогорку класстар дубал гезит чыгарышып, дилбаян жазышты.

Мугалимдер кунуно карата «Мугалим- момолуу дарак» темада жалпы мектепте тарбиялык иш чаралар откорулду. 9-класс жоопкерчилик менен уюштурушту. Ар бир класс эжейлерге арнап ырдашты, ырларын аткарышты. 4-октябрь куну линейка оттук. Окуучулар гулдордон жол жасашып, мугалимдерди бастырышып, кол чабуулар менен коштоп турушту. Мугалимдер толкунданып, ыраазы болушту. «Менин эжейим» деген темада дилбаян жазышты.

Куз майрамына карата класстарда тарбиялык иштер жургузулду. Сурот тартышты, жалбырактардан канаттуулардын солокотторун жасашты. «Куз берекеси», «Алтын куз» темаларында класстык сааттар отулду.

Манас эпосунун куну мектепте озгочо белгиленди. Мектептин алдында салтанаттуу линейка отулду. Линейкада мектептин манасчылары «Манастан» узундуну айтышып, корком окуулар айтылды. Улуу манасчылар жонундо кыскача баяндамалар окулду.

Ар жуманын дуйшомбу кунундо мектепте линейка откорулуп турду. Анда ноомот отогон класстар ноомотчулугунун жыйынтыгын айтышат. Жума ичинде тентек кылган, сабакка себепсиз келбеген, кечиккен, уюлдук телефон которгон, мектеп формасын кийбеген окуучулар, окуу куралдарынын кутулушу, класстын тазалыгы белгиленип турат. Ага жараша орундар арналат.

Кузгу каникулга тараар алдында мугалимдер класстарга коопсуздук эрежелери жана жолдо журуунун эрежелери эскертилип, атайын баракчаларга тастыктоо максатында кол тамгаларын койдурушту.

СПИДге каршы курош боюнча мектеп ичинде линейка откорулду. Бул иш чарага 8-9-класстардын окуучулары катышты. «СПИД-азыркы мезгилде коомдун эн коркунучтуу, орчундуу маселеси» деген темада жат жазуу жазышты, лекция угушту. СПИД оорусун ар бир окуучу кандай элестетет жана ал жонундо эмнелерди билет суроо-жооп иретинде ангемелештик.

СПИДге каршы курошуу боюнча 8-9-класстардын окуучулары «Сенин ден соолугун жана тагдырын оз колунда» деген темада КВН-таймаш сабактарын, тегерек стол бетинде пикир алышуу сабактарын откордук. Сергек жашоо боюнча окуучулар арасында спорттук мелдеш откорулду. Мелдешке 5-9-класстар катышышты. Мелдешти мектептин дене тарбия мугалими Орозбеков Адил откорду. «Ар бирибиз оз ден соолугубуз учун курошубуз керек, жаман журум-турум, алкоголь, тамеки, банги заттарды колдонуунун зыяндуулугу» жонундо ойлор айтылып, алардан алыс болууга ундогон создор айтылды.

Чынгыз Айтматовдун 90 жылдыгына карата отулуучу иш планы менен чогулуш откорулуп бардык мугалимдерди мектептин жетекчиси тааныштырып чыкты. Иш планы бекитилип, ар бир класс жетекчи озулоруно тандап алган теманын устундо иштей башташты.

Башталгыч класстын мугалимдери жаш озгочолукторуно жараша окуучуларга Чынгыз Айтматов ким болгон, кандай адам болгондугу жана анын чыгармалары менен тааныштырып, кыскача узундулорду корсотушту. 1-класстын мугалими «Чыпалак бала» жомогунан узунду коюп, балдарды жакшы сапаттарга ундогон, жаратылыш менен тыгыз байланышта болууга ундогон сабакты мугалим Кыдырова Нурия отту.

5-класстын класс жетекчиси Монконова Гулбасира окуучуларды Чынгыз Айтматовдун омуру жана чыгармачылыгы менен тааныштырып отту. Мында жазуучунун торолгонунон баштап, бала чагын, чыгармачылык жолунун башталышын, канча чыгарма жаратып, канча сыйлыктарга ээ болгондугу жонундо кенири маалымат берип, ар бир чыгармасынан окуучулардын жардамы менен кыскача узундулорду корсотту.

Мектепте кыргыз тили мугалими Тайтаева Майрам сахна-сабак уюштурду. Ага жогорку класстардын окуучулары катышты, Айтматовдун чыгармаларынан узундулорду, корком окууларды окушуп , «Ысык-Колду сагынуу» обондуу ырларын аткарышты.

Декабрь айынын акыркы жумаларында мектеп жалпы жаны жылдык балаты майрамына даярдык коро баштады. Биринчиден коопсуздук эрежелерин эске салдык. Жаны жылдык балаты майрамы мектептин спорт залында откорулду. Залдын ичи корком, эстетикалуу коздолгон. Балаты оюнчуктар, жалтырактар менен коздолгон. 9-класстын окуучулары класс жетекчиси Байбекова Ж.Д. менен биргеликте «Жаны жылдык окуя» жомогун коюп, келген кичинекей коноктордун конулдорун ачышты. Башталгыч класстардын атайын даярдалган программасы эн жогорку денгээлде отту. Ар бир мугалим жоопкерчилик менен даярдангандыгы корунуп турду. Жогорку класстардын майрамы саат 13:00до башталды. Окуучулар тузулгон программа боюнча корком окуу, обондуу ырлар,

бийлер, кулкулуу сценкаларды коюшуп, активдуу катышышты. Концерттин аягында бир сааттык дискотека болду. Келген ата-энелер абдан ыраазы болуп кетишти. Саат 16:00да бардыгы уйлоруно тарап кетишти.

Кышкы каникул убагында ЖЖЭ, орт коопсуздугун сактоо боюнча эскертуулор берилип, тушундуруу иштери жургузулду. Эс алуу кундору тузулгон план боюнча начар жана зээндуу окуучулар менен кошумча сабактар отулуп жатты.

Афган жергесинен Советтик жоокерлерди алып чыккандыгынын 30 жылдыгына карата аткарыла турган иштердин планы тузулду. Ал план боюнча томондогу иштер аткарылды. Айылда жашаган Афган жоокерлеринин тизмеси такталды. Мектепте Афган жоокери «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Ооганстан журокто» темасында дубал газеталар чыгарылды. 15-февраль куну афган жоокери, элибиздин сыймыгы болгон Асанов Туратбек Жумадилович мектепте уюшулган салтанаттуу линейкага катышты. Линейка патриоттук дем менен эстетикалуу жабылды. Аны 9-класстын окуучулары менен биргеликте Монконова Г.К. алып барды. Линейка Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни менен башталды. Жоокерди куттуктоо созу менен мектептин жетекчиси Исаева Айнагул Бакаевна суйлоду. Ал созундо Асанов Туратбек Жумадилович биздин балдар учун патриоттуулуктун, журум-турумдун, эмгекчилдик жагынан улгу болуп жургонун айтты. Мындай эр жигиттер бар болуп турганда элибиз тынчтыкта бейпил жашаары анык экенин билдирди. Ооган согушунун залалынан курман болгон Афган жоокерлири: Бегалиев Манас, Быржыбаев Алиакбар ж.б. бардык каза болгондорду эскерип бир муноттук тыным кылдык. Линейкада окуучулар корком ырларды, макалдарды айтышты, 6-класстын окуучулары «Жоокер ыры» аттуу обондуу ыр аткарышты. 9-класстын окуучулары «Коргойм сени, Ооганстан!» деген обондуу ырды ырдап беришти. Балдар ардагерге ар кандай суроолорду беришти. Ал суроолорго жооп беруу учун ошол оор кундорду эсине салуу оор болду. Анткени жанындагы жоокер жолдошторунан ажырап, коптогон кайгылуу кундорун откоргонун айтып берди. Анын созунон балдардын журогундо озгочо сезим пайда болду. Окуучулар патриоттук темада Мекен жонундо макалдарды, ырларды корком айтышты.

«Биздин муун сергек жашоону тандайт» деген ураан менен спорттук мелдеш уюштурдук. Мелдешти дене тарбия мугалими Орозбеков Адил откорду. Мелдеште мектептин ар бир класстын эркек балдары эки команда болуп катышышты. I топтун балдары женишке ээ болушту.

21-февраль – Эл аралык эне тил кунун белгилоо жонундогу планды мектеп ичинде мугалимдер менен бирдикте талкуулап, иштеп чыктык. Бардык мугалимдер бул пландын негизинде иш алып барышты. Мектепте линейка отулду. Анда Эл аралык эне тил кунун белгилоо жонундо маалымат берилди. Эл аралык тил ичинде биздин эне тилибиз болгон – кыргыз тили кадырлоо, байытуу, таза сактап калуу ар инсандын парзы экенин балдардын сезимине жеткирууго аракет кылынды. Ооучулар тил жонундо накыл создорду, корком ырларды айтышты. Кыргыз тилинин гимнин ырдоо менен линейканы жыйынтыктадык. Мектептин озун озу башкаруу тарабынан «Улуттук аралык ынтымак» деген темада дубал гезити чыгарылды. Мектептин кыргыз тил мугалимдеринин жетекчилиги менен эне тилге арналган дилбаян, жат жазуу жазышты. Класс жетекчилер «Улут болсом, тилим менен улутмун» деген темада тарбиялык саатtar отушту. Бардык класстарда кыргыз

акындарынын чыгармаларын корком окушту. Кыргыз мамлекети коп улуттуу олко болгондуктан окуучулар арасында улуттар аралык достукту, биримдикти сактоо ар улуттун оз эне тилин баалоого ундоо максатында жогорку класстын окуучулары жана жалпы мугалимдер арасында диспут отушту. Жогорку класстын окуучулары диспутка активдуу катышып, оз ойлорун кенири баяндай алышты.

5-март куну мектепте салтанаттуу линейка болуп отту. Анда Кыргыз мамлекетинин Туусу чыгарылды. Туунун куну жонундо маалымат берилди жана ошону менен бирге мамлекеттик символдору болгон гимн аткарылды. Туунун авторлору, анын чыгышынын себептери жонундо тушунук берилди. Анын ыйыктыгы, аны жогору баалоого, барктоого, сыймыктанууга ундодук. Ак калпак кунуно карата мектептеги бардык эркек мугалимдер жана окуучулар жалпы кыргыз ак калпагын кийишти. Линейкада кыргыздын ак калпагынын маанисин ыр турундо корком айтышты. Анын жасалуу жолун, адам учун пайдалуу экендигин айтышты. Ата-бабаларыбыз эзелтеден баш кийимди бийик тутуп, кадырлап, барктап келишкен. Ак калпак кыргыздын улуттук эркек баш кийими, кыргыздын улуттук корком доолотторунун коронгосу, асыл мулк, кыргыз эли эл болуп тузулгондон бери жашоонун улуулуктун тазалыктын, улуу кундун символу, ыйык белгиси катары кастарлап, сур тутуп, соолот санап, корк катары маанилуу шан-салтанатка кийип жургондугу жалпы дуйно элине белгилуу. Кыргыз омуру 40-35 кылымга созулса, кыргыз калпагынын омуру да дал ошондой узак уламалуу санжыра экендиги айтылды. Калпак жонундо элдик макалдарды айтышты: «Калпакчанды олтурууго болбойт!», «Калпакты жерге койбо», «Калпагынды жоготсон, башынды жоготосун», «Калпагынды сатсан, акылынды сатасын», «Калпакчан журсон, оорубайсын: калпак кышкысын жылытат да, жайкысын сергитет», «Тункусун калпагын ар дайым бут жагында эмес, баш жагында болсун». Бардык класстарда тарбиялык сааттар отулуп, калпак жонундо дагы терен маалымат алышты. Мындай иш чаралар балдарды калпактын ыйыктыгын сезууго, аны кастарлоого уйротот, патриоттук сезимдерин ойготот, мекенчилдикке, атуулдукка тарбиялайт.

Сурот мугалими Алыбаева кыргыздын ак калпагынын турлору, тустуу суроттор менен конкурс уюштурду. Мектептин парламенти тарабынан дубал гезит чыгарылды.

Дене тарбия мугалими Орозбеков Адил балдар арасында калпакчандардын журушун откорду жана улуттук «Тогуз коргоол» оюнун ойнотту.

8-март –Аялдардын эл аралык кунуно карата мектепте жогорку класстар арасында «Кыз адаби – кымбат» аттуу конкурсу откорулду. Анда тузулгон програма боюнча ар бир класс оз онорлорун корсотушту. Ар бир топ кыргыздын белгилуу айымдарынын атын алып, аны коргошту. Альбом, буклет, дубал гезит чыгарышты. Ал эми башталгыч класстарда утренник отулду. Анда окуучулар эне жонундо корком ырларын айтышты. обондуу ырларды ырдашты, бийлешти. Мелдеш турундо макал айтышты. 2-класстын окуучулары акыйнек аткарышты. Апаларына арнап кагаздан гулчамбар жасашты. 7-класстын класс жетекчиси Тайтаева Майрам «Кыргыз элибиздин кыз-балага, аялзатына болгон урматтуу мамилеси» деген темада тарбиялык саат отту. Сабакка окуучулардын ата-энелери да катышышты. Корсотмо куралдары абдан бай, корсотмолуу болду. Окуучулар активдуу катышышты, ырларын корком айтышты. Мугалимдер окуучулар менен биргеликте энелерди ойнотту. Сабак жогорку денгээлде отту.

20-март куну Иса Байбеков атындагы Ак-Сай толук эмес орто мектебинде Нооруз майрамына карата «Нооруз – жакшылыктын жышааны» деген темада окуучулар тарабынан уюшулган концерт отту.

Залдын ичи коркутуу, эстетикалуу жабдылды. Нооруз майрамына карата куттуктоо созу менен мектептин окуу болумунун башчысы Бейшенкулова Венера кайрылды. Мектептин кыргыз тил мугалими Тайтаева Майрам Умай эненин ролун аткарып аластады, Тенир ата келип балдарга батасын берди, Баба дыйкан уронун септи. Нооруз, жаз, эмгек жонундо корком окууларды айтышты, макал-лакап, табышмак, жанылмач, акыйнек айтышты. Нооруз майрамынын тарыхы, мааниси жонундо кенири тушунук беришти. Мектептин парламенти тарабынан дубал гезит чыгарылды. Кыргыз элинин улуттук бийлерин 5 жана 9-класстардын окуучулары бийлешти. «Манас» эпосунан узунду айтышты. «Жуучу тушуу» салтын 8-9-класстардын окуучулары корсотушту. «Нооруз майрамы», «Нооруз майрам – улуу майрам» деген обондуу ырларын аткарышты. Майрамга мектептин бардык контингентинин балдары тартылды. Майрам жогорку денгээлде отту.

8-апрель куну ар бир класста «Элдик Апрель революциясынын баатырлары» деген темада класстык сааттарды отушту. Ырларды корком окушту, Мекен, жоокер жонундо макал-лакаптарды айтышты. Кластер тузушту. Апрель революциясы жонундо айтып беришти. Сабактар корсотмо куралдар менен жабдылган. Окуучулар сабакка активдуу катышышты.

Апрель элдик революциясынын 9 жылдыгына арналган эскеруу митингин откордук. Ал митингде окуучулар Мекен баатырлары жонундо ырларды корком айтышты. Обондуу ырларды аткарышты. Элдик революциянын баатырларына арналган дубал газета, альбом, буклет чыгарылды. Класс жетекчилер окуучуларга Апрель элдик революциясына арналган кино тасмаларды, брошюраларды массалык маалымат каражаттарынын жардамы менен маалыматтарды корсотушту. Мындан окуучулар оз колдору менен элдин жаны, акыйкат жашоого умтулгандыгын корушту. Анын максаты окуучулардын жаны бийликке ишенимин арттыруу жана окуучуларга патриоттук тарбия максатында отулду. Биздин жердешибиз Мусаев Чолпонбек байкенин эрдигин сурот аркылуу балдарга корсотуп, анын жасаган эрдиги эч качан унутулбасын жана анын жасаган иши жаш муундарга улгу катары сакталат. Биз бул адам менен сыймыктанабыз.

12-апрель-Буткул дуйнолук космонавтика кунуно карата класстык сааттар отулду. Сабактарда Юрий Гагарин «Восток» космос кораблинде биринчи жолу Жер шарын айланып учуусун, Байконур космодрому, 1962-жылдын 9-апрелдеги жарлыгынын негизинде 12-апрель –Космонавтика куну катары кабыл алынганы жана белгилуу космонавтар тууралуу маалыматтар берилди. Мектеп парламенти тарабынан дубал гезит чыгарылды.

30-апрель куну 1-май-Эл аралык эмгекчилер кунуно карата мектепте линейка болуп отту. Анда 1-май майрамынын тарыхынан кыскача маалымат берилди. Окуучулар эмгек, достук, ынтымак, биримдик темасында корком ырларды айтышты. Ар кандай кесиптин маанисин чечмелешти. Эмгек гана адамды зор ийгиликке жеткирери жонундо

тушунук бердик. Эмгектин ардагерлери жонундо баяндадык, алардын бири болгон оз онору, эмгеги менен чет мамлекетке да таанымал болгон айылыбыздын жараны Берикбаев Марат байкебиздин эмгектерин даназаладык. Анын коптогон улуттук аспаптары жасагандыгы айтылды. Мына ушундай адамдардан улгу алганга ундодук. Мектеп ичинде эмгекке арналган «Эмгек эрезеге жеткирет» деген темада дубал газета чыгарылды. Класс жетекчилер тарбиялык сааттарды отушту. Линейка ураандар, желекчелер менен жабдылды.

3-май куну 5-май Кыргыз Республикасынын Конституция кунуно карата мектепте салтанаттуу линейка болуп отту. Линейкада куттуктоо созу менен мектептин жетекчиси Исаева А.Б. кайрылды. Ал озунун созундо Конституция куну менен жалпы окуучуларды куттуктады. Линейкада Кыргыз Республикасынын символикаларынын мааниси жонундо айтылды. Конституциянын мааниси, анын ыйыктыгы, анын алдында бардыгыбыз бирдей экендигин, ага баш иерибиз жонундо баяндадык. Ошондой эле Конституция ар бир жарандын укугун дагы коргой турганын тушундурдук. 8-класстын окуучулары укук жонундо чакан сценка корсотушту. Ар бир класс жетекчи тарбиялык сааттарды отушту. Анда кыскача видео роликтер корсотулду. Сабак аягында ролик боюнча окуучулар арасында талкуу болуп отту. Мектеп парламенти тарабынан «Оз укугунду бил!» аттуу темада дубал газета чыгарылды.

Мектеп ичинде Улуу Жеништин 74 жылдыгына арналган иш чаранын планын тузуп, томондогу иш чаралары откордук.

Мугалимдер Улуу Ата Мекендик согушка катышкан ардагерлердин тизмесин тактап чыгышты. Азыркы тизме боюнча айылда бир да Улуу Ата Мекендик согушка катышкан ардагерлер калган эмес экендиги такталды. Бирок согуш мезгилинде тылда эмгектенип ушул женишке салымын кошкон аталарыбызды, апаларыбызды тактап тизмеге киргиздик.

Алар: Токтомушев К., Жекшенов О.

Тимур командасынын жетекчиси Орозбеков Адил озунун командасы менен ветерандардын уй-булосуно жана тылда иштеген кары адамдарга жаз-кыш мезгилинде жардамга муктаж болгондорго барып, жардамдарын корсотуп жатышат. Ошону менен бирге Улуу Жеништин 74 жылдыгына арнап, мектеп ичиндеги дубал газеталарды, бурчтарды, альбомдорду жаныртгык.

Ар бир класс жетекчи окуучуларга патриоттук тарбия беруу максатында «Эрдик эч качан унутулбайт!»,«Аталардын эрдиги», «Мекеним алтын бешигим», «Мекенден айрылганча жаныңдан айрыл», «Болбосун согуш!», «Улуу Жениш» деген темада класстык сааттар откорулду. Улуу Жеништин 74 жылдыгына арналган корком окуу кароосу откорулду. Анда 9-класстын окуучусу Кубанычбекова Жания женди. Мектептин сурот мугалими Алыбаева Б.К. согуш мезгилине, тынчтыкка, Ата Мекенге арналган обондуу ырларды ырдатты. Кыргыз тили мугалими Тайтаева М.Б. окуучуларга дилбаян, жат жазууларды жаздырды.

Мектеп ичинде ишембилик откорулуп, эстеликтин тегерек четтери тазаланды. Улуу Жеништин 74 жылдыгына карата арналган салтанаттуу линейка 8-май куну откорулду, тылда эмгектенген аталар, апалар катышып,

окуучуларга башынан откоргон оор балалык кезин эскерип, мындан ары мындай согуш болбосун, ушул майрамыбыз кут болсун дешти. Линейкада бардык класстар ырларын корком окушуп, обондуу ырларды аткарышты, согуш жылдарында башынан откоргон кыйын мезгилди чагылдырган чыгармалардан узундулорду аткарып беришти. Линейканын сонунда эстеликтин алдына барып, бир тынымга эскеруу менен гулчамбарларды койдук.

2018-2019-окуу жылынын аякташына карата «Акыркы конгуроо -2019» аземи саат 9:00до КРнын туусу алынып келинип, гимн аткаруудан башталды. Линейканы мектептин тарбия завучу Монконова Гулбасира алып барды. Куттуктоо созун мектеп жетекчиси Исаева А.Б. айтып, 2018-2019 окуу жылында сабактардан озгочолонуп, эн жакшы жетишкендиктерди корсото алган, улгулуу журуш-турушу менен озгочолонгон жана мектептин коомдук иштерине активдуу катышкан окуучуларга жана райондон «Эрудит» олимпиадасынан 4-класстын окуучусу Омуркулова Касиет жогорку корсоткучторду ээ болгондугу учун грамоталар тапшырды. Куттуктоо создорун айыл окмотунон келген окул Рысалиева Света, мектептин ардагер мугалими Толонова Калика эже жана ата-энелер айтышты. Линейкага милициянын лейтенанты Шейшенбаев Баян Сталбекович козомол жургузуп кетти.

Андан кийинки соз 1-класстын окуучуларында болду. Линейка 1-класстын класс жетекчиси Монконова Гулбасира окуучулары менен бирге даярдаган чакан концерттик программасы менен уланды. Окуучулар ырларын так, корком айтышты, обондуу ырларын аккордеондун коштоосу менен ырдашты, бутуруучулорго арналган ырларын айтышты. 1-класстын аткаруусунан кийин соз кезеги 9-класстын бутуруучулоруно берилди. Класс жетекчиси Байбекова Жылдыз окуучуларга, мугалимдер жамаатына каалоо-тилектерин айтты. Бутуруучулор мектеп, мугалим, билим жонундогу обондуу ырларын ырдашты, 1-класстын окуучулары менен «Балалык» бийин жана вальс бийин бийлешти.

Мындан 10 жана 20 жыл мурун мектепти бутуруп кеткен бутуруучулор да конокко келишкен, алар мугалимдерге озулорунун ыраазычылыктарын билдиришти, окуучуларга окууларында ийгилик каалап кетишти.

Линейка конгуроону 1 жана 9-класстардын алдынкы окуучуларынын кагуусу менен аяктады.

Мектепте балдар кунуно арналган иш чара откорулду. Иш чараны мектептин тарбия жетекчиси Монконова Гулбасира жетектеди. «Балдар дайыма кулушсун», «Бактылуу балалык» деген темада дубал гезит, плакаттар жазылды. Балдар арасында «Биз бактылуу балдарбыз» деген темада конкурстар откорулду. Конкурстун жыйынтыктары чыгарылды, женуучулорго белектер берилди.

1-июнь куну окуучуларга атайын линейка откорулуп, Сын-Таш айыл окмоту тарабынан балмуздактар, суусундуктар жана оюнчуктар таркатылды. Майрамга келген балдарга ар тустогу борлор таркатылып, балдар арасында сурот конкурсу уюштурулду. Ар кандай оюн –зооктор ойнотулду.

«Балдар биздин планетанын келечеги» аттуу жыл сайын откоруулучу балдарга арналган салтанаттуу азем жакшы отту. Балдар оздорунун бугунку откорулгон майрамга ыраазы болуп уйлоруно кайтышты.

Мектепте 2019-жылы 21-июнда бутуруучу класстарга негизги билими тууралуу куболукту тапшыруу аземи болуп отту. Салтанаттуу кече саат 10:00до башталды.

Мектептин алды салтанаттуу майрамдык маанайда ар кандай желекчелер, шарлар, ураандар, плакаттар менен жабдылды. Кече мамлекеттик гимн менен башталды. Бутуруучулор кызыл «Бутуруучу- 2019» деген лента тагынышып, форма кийип чыгышты. Балдардын коопсуздугу учун ИДН кызматкери, ата-энелер, жалпы мугалимдер жамааты катышты. Мектеп жетекчиси Исаева А.Б. куттуктоо созун айтып, куболукторду жана мактоо баракчаларды тапшырды. Бутуруучулор мугалимдерге каалоо-тилектерин, ырларын айтышты. Чакан концерттик программа тартуулашты. Ата-энелер ыраазычылыктарын билдиришип, бутуруучулорго ак жол каалашты. Куболук тапшыруу аземи тынч отту.

Мектеп жетекчиси: ____________ Исаева А.Б.

Тарбия завучу: ____________ Монконова Г.К.